УДК 379.83(575.2)

Атакулов С.Т., Ибрагимова Р.С.

*ОшМУ*

# АЙМАКТАРДА РЕКРЕАЦИЯНЫ ЖАНА ТУРИЗМДИ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ (ӨЗГӨН РАЙОНУНУН МИСАЛЫНДА)

*В данной статье рассматривается проблемы и перспективы развития рекреации и туризма в Кыргызстане в контексте конкретного региона, в частности Узгенского района Ошской области КР.*

*This article discusses the problems and prospects of development of recreation and tourism in Kyrgyzstan in the context of a specific region, in particular the Uzgen district of Osh region of the Kyrgyz Republic*

Өзгөн району Ош областынын түндүгүнөн орун алып, түндүгүнөн Чангет суусу, Серүүн-Дөбө аркылуу Сузак району, чыгышынан Фергана кырка тоосунун кырлары боюнча Нарын областы, түштүгүнөн Өзгөн жана Академик Адышев кырка тоолору аркылуу Кара-Кулжа, Алай, батышынан Отуз-Адыр ж.б. адырлар боюнча Кара-Суу райондору жана Өзбек Республикасы менен чектешет.

Изилденүүчү аймактын жеринин басымдуу бөлүгү Фергана кырка тоосунун Жазы дарыясынын алабында жаткан түштүк-батыш капталына туура келет. Тоо этектерин Өзгөн-Куршаб түздүгү ээлеп жатат. Аянты 3431 $км^2$.

Өзгөн районунун аймагы боюнча эл аралык маанидеги Баткен–Ош-Өзгөн-Бишкек, аймактык жана райондук деңгээлдеги Өзгөн-Ийри-Суу-Жалалабад, Ош-Өзгөн-Кара Кулжа-Гүлчө автожолдору өтөт. Райондун аймагы боюнча байыртадан эле учурда чет өлкөлүк туристтер үчүн өтө популярдуу боло баштаган батыш менен чыгышты байланыштырып туруучу Улуу Жибек жолунун бир тармагы өткөн. Дүйнөлүк масштабдагы Өзбекстан-Кыргызстан-Кытай темир жолунун линиясы да райондун аймагы аркылуу өтөөрү божомолдонууда. Бул жакынкы келечекте Өзгөн районунда эл аралык туризмдин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Райондун негизги орографиялык элементтери болуп Фергана кырка тоосунун түштүк-батыш капталынын тармактары болгон Серүүн-Дөбө, Ничке, Кутурган, Зергер-Тоо, Байбиче, Чаар-Таш, Кара-Дөбө, Доңуз-Тоо, Суук-Кыр ж.б. тоолор жана Алай кырка тоосунун чыгыш секторунун түндүк этегиндеги Төөчү массивдери сыяктуу адырлар саналышат.

Рельефине тоо этегиндеги түздүктөр, жапыз тоолор, орто жана бийик тоолордон турган бийиктик ярустуулук мүнөздүү. Тоолор жана тоо этектери райондун жалпы аянтынын 88% ын, ал эми өрөөндөр 12% ын түзүшөт.

Рекреациялык жактан түздүктүү жана төмөнкү жапыз тоолуу рельеф (900-1300-2000 м.) сууга түшүүнү, кыска мөөнөттүү массалык эс алууну, авто- жана мототуризмди уюштурууга, рекреациялык обьектилерди курууга ыңгайлуу.

Жогорку жапыз тоолуу жана орто тоолуу рельеф (1600-3200 м.) рекреациялык жактан өзгөчө кызыгууну жаратат. Мында экологиялык, лыжа тебүү, тоо, “жайлоо” ж.б. туризм түрлөрүн, балдар лагерлерин, санатордук-курорттук дарылоону уюштуруунун өбөлгөлөрү бар.

Бийик тоолуу рельеф (2600-4000 м) тоо, аңчылык, экологиялык туризмдерине ыңгайлуу.

Райондун климатына кескин континенталдуулук мүнөздүү: январдын орточо температурасы Өзгөн-Куршаб өрөөнүндө -3,2 градус, июлдуку +23,6 градус, тоолордо январдын орточо температурасы -10, ал эми июль айыныкы +15 градусту түзөт.

Изилденүүчү аймактын шартында жайкы туризм жана климатотерапия үчщн

ыңгайлуу мезгил тоо этеги жапыз тоолуу алкакта 140 дан 300 күнгө, орто бийик тоолордо 90 дон 240 күнгө, бийик тоолордо 50 дён 120 күнгө созулат. Кышкы туризм үчүн оптималдуу шарттар жапыз тоолордун жогорку бөлүктөрүндө жана орто тоолордо (1800-2700 м) бар.

Ошентип, райондун климаттык шарттары рекреациялык ишмердүүлүктүн дээрлик бардык түрлөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Негизги суу обьектилери – Кара-Дарыя, Жазы жана Куршаб дарыялары жана Андижан суу сактагычы. Майда көлдөр көп. Калктын эс алуусу үчүн дарыялардын жайылмалары, Андижан суу сактагычынын жээктери стихиялык түрдө кеңири пайдаланылууда.

Райондо биздин эле өлкөгө эмес, коңшулаш мамлекеттерге да таанымал болгон Кара-Шоро минералдык булактары бар. Ал Өзгөн шаарынан 80 км чыгыш тарапта, деңиз деңгээлинен 2300 м бийиктикте жайгашкан. Суу химиялык составы боюнча көмүр кычкыл хлорид-гидрокарбонат натрийлүү жана көмүр кычкыл гидрокарбонат – хлорид натрийлүү, температурасы 7,6–14,5$^0$С. Бөйрөк, боор, ичеги-карын, кан басымы, диабет ооруларына пайдалуу. Өзгөн шаарында бөтөлкөлөргө куюштурулуп, «Кара-Шоро» деген ат менен соода тармактарына жана дарылоо мекемелерине жөнөтүлөт.

Мындан тышкары, изилденүүчү аймакта Чымбай дары баткактарынын кени бар.

Райондун өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү биологиялык ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турат. Мындай көп түрдүүлүк аймактын бийиктик алкактуулугу, климаттык жана ландшафттык, экологиялык өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу. Аймакта аңчылык-промыселдик маанидеги жаныбарлар көп.

Изилденүүчү аймактын чегинде ландшафттардын 4 подклассы, 9 тиби жана 2 подтиби таралган [4].

Аймактын ландшафттарын рекреациялык жактан 4 бийиктик ландшафттык рекреациялык алкакка бөлүүгө болот.

Алардын ичинен жапыз тоолуу жаңгак-жемиш токойлуу, бадалдуу-шалбаалуу (1200-2200 м.) жана орто тоолуу карагай–арчалуу, бадалдуу-шалбаалуу ландшафттардын рекреациялык мааниси өтө зор. Мында табиятты коргоо жана туризмди өнүктүрүү максатында Кара-Шоро улуттук жаратылыш паркы түзүлгөн.

Изилденүүчү аймактын негизги туристик-рекреациялык зоналары (Салам-Алик, Кара-Шоро ж.б.) ушул алкактын чегинде жайгашкан. Салам-Аликте Чымбай дары баткактарынын жана Кара-Шоро минералдык суусунун базасында ири эл аралык деңгээлдеги курортту курууга табигый да, социалдык экономикалык да мүмкүнчүлүктөр бар.

Өзгөн районунун эл аралык мааниге ээ тарыхый-маданий баалуулугу – Өзгөн тарыхый-маданий архитектуралык комплекси. Анын рекреациялык мааниси ыңгайлуу жол тоомунда жайгашкандыгы менен да өзгөчөлөнүп турат.

Рекреациялык өбөлгөлөрдү баалоодо аймактардын социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрүн анализдөө да зарыл. Анткени калктын санына, алардын маданий өзгөчөлүктөрүнө жараша рекреациялык керектөөлөр калыптанса, транспорт, тейлөө чөйрөсү, рекреациялык инфраструктура туристтерге кызмат көрсөтүүнүн абалын аныктап турат. Аймактын айыл чарба продукциясы менен камсыз болушу да бир кыйла мааниге ээ.

Өзгөн районунун калкынын саны 221700 киши болуп (1.01. 2008-ж.), Ош областынын калкынын 16,5% ын түзөт. Калктын орточо жыштыгы 1 кв. км ге 56,5 киши. Ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү жашашат. Райондо Өзгөн шаары (44000 киши) жана 99 айыл-кыштактар бар. Ири калктуу пункттарына Өзгөн шаары жана Куршаб, Кара-Дыйкан, Мырза-Аке ж.б. айылдар кирет.

Өзгөн районунун чарбасынын негизин айыл чарбасы түзөт. Тоо-кен өнөр жайы,

тамак-аш өнөр жайы өнүгүүгө ээ болууда. Бирок транспорттук тейлөөнүн жана ички транспорттук жолдорунун абалы бир кыйла начар. Бул өз учурунда аймакта туризмдин өнүгүүсүнө терс таасир этүүдө.

Аймактын табиятына жасалган антропогендик басым жылдан жылга күчөөдө. Натыйжада, рекреациялык экологиялык баалуу ландшафттар жабыркоодо. Мисалы, Кара-Дарыя, Жазы дарыяларынын, Зергер суусунун жайылмаларындагы тугайлар, жаңгак-жемиш токойлорунун аймактары.

**Корутунду:** Өзгөн району ички жана сырткы туризмди өнүктүрүүгө түрткү берүүчү зор табигый жана тарыхый-маданий потенциалга ээ. Өзгөчө, табигый-ландшафттык обьктилери рекреациялык чарбанын түзүлүүсүнө өбөлгө түзөт.

Бирок райондун рекреациялык мүмкүнчүлүктөрү чоң экендигине карабастан, рекреация райондун экономикалык жана социалдык өнүгүүсүндө жетишээрлик пайдаланылбай жатат.

Натыйжада, Өзгөн районунда рекреация дээрлик өнүкпөстөн калып кетүүдө.

Азыркы учурда райондо бул секторду өнүктүрүүнү чектөөчү факторлор катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

- райондун чарбалык структурасында туризмдин ордунун аныкталбагандыгы, туризмди эффективдүү уюштуруунун механизминин жоктугу;
- райондун калкынын жалпы керектөөлөрүнүн ичинде рекреациялык керектөөлөрдүн төмөндүгү ж.б.;
- райондун рекреациялык ресурстарынын начар изилдениши жана ийкемдүү пайдаланылбай жатышы;
- жалпы, анын ичинде рекреациялык инфраструктуранын, тейлөөнүн жана транспорттук жолдордун абалынын начардыгы;
- перспективдүү туристтик багыттарды сунуш кылуунун жана аларды пайдалануунун механизмдеринин жоктугу;

Ал эми райондо рекреацияны келечекте өнүктүрүүнүн негизги багыттары катары:

- райондун рекреациялык ресурстарын терең изилдеп үйрөнүү, табигый жана тарыхый-маданий аймактарынын жана туристтик маршруттарынын маалымат базасын түзүү;
- рекреациялык зоналарды коргоо, өзгөчө корголуучу табигый аймактардын аянтын кеңейтүү мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу;
- райондун рекреациялык инфраструктурасын түзүү, туристтик тейлөөнүн абалын жакшыртуу;
- калктын кирешесин жогорулатуу, дени сак жашоонунун образын калыптандыруу иш-чараларын кароого болот.

Адабияттар:

1. Шакирбеков Д.Ш. Предпроектные ландшафтные исследование горных территорий в целях отгонного животноводства. -Фрунзе, 1985.
2. Атакулов С.Т. Природно-рекреационные ресурсы Южного Кыргызстана и перспективы их использования в целях рекреации. «Университетское образование в современном обществе». //Труды международной научной конференции. -Ош: Билим, 2002. //Вестник ОшГУ. Серия естественных наук, № 4, -С. 143-148.